**Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги**

**Жалал-Абад шаарындагы Эл аралык университети окуу-илимий-өндүрүштүк комплекси**

**Ош мамлекеттик университети**

**Тажик улуттук университети**

**К.08.17.564 мамлекеттер аралык диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
УДК 333.10:338(575.2)

**Тууганбаева Уулгелди Токтогуловна**

# Жер мамилелерин тескөөнүн уюштуруучулук-экономикалык аспекттери

**Экономика илимдеринин кандидаты илимий наамын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын АВТОРЕФЕРАТЫ**

Адистиги: 08.00.05 – Экономика жана эл чарбачылыгын башкаруу (АӨК экономикасы)

Жалал-Абад шаары, 2018-жыл

Диссертациялык иш Жалал-Абад шаарындагы Эл аралык университеттин Экономика жана экономикалык божомолдоо кафедрасында аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчиси:** | Тургунбаев Жусуп Тургунбаевич - экономика илимдеринин доктору, профессор |
| **Официалдуу оппоненттер:** | экономика илимдеринин доктору, профессор Маматурдиев Гуламжан Маматурдиевич |
| | экономика илимдеринин кандидаты, доцент Умаров Сайбидин Тойчуевич |
| **Жетектөөчү уюм:** | Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинин “Улуттук экономика жана аймактык өнүгүү” кафедрасы |

Диссертацияны коргоо 2018-жылдын 30-март күнү саат 16-00 дө К.Ш.Токтомаматов атындагы илимий изилдөөлөр, иштелмелер жана инновациялар борборунда Жалал-Абад шаарындагы Эл аралык университеттин, Ош мамлекеттик университетинин жана Тажик улуттук университетинин алдындагы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук илимий наамын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча К.08.17.564 мамлекеттер аралык диссертациялык кеңешинин отурумунда болуп өтөт. Дареги: 715613, Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары, Жеңи-Жок көчөсү, № 30.

Диссертация менен Жалал-Абад шаарындагы Эл аралык университеттин китепканасынын илимий залында таанышууга болот. Дареги: 715613, Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары, Жеңи-Жок көчөсү, № 30.

Диссертациялык кеңештин
илимий катчысы,
экономика илимдеринин кандидаты, доцент: Маткеримова А.М.

## Иштин жалпы мүнөздөмөсү

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Айыл чарбасында жер эмгек каражаты жана эмгектенүү предмети катары болуу менен коомдун көз карандысыздыгын камсыз кылуучу байлыгы болуп саналат. Ошону менен бирге жер мамилелерин башкаруу аспектинин уюштуруучулук-экономикалык аспекттери анык бир мыйзам ченемдүүлүктөр боюнча тургузулуп, Кыргыз Республикасынын мыйзамдык жана ченемдик актылары менен тескелет. Мындагы башкы ролду жерге болгон менчик формасы жана алардын өз ара байланышы, ошондой эле жер мамилелерин тескөөдөгү мамлекеттин ролу жана түрдү чарба жүргүзүүчү субъекттердин жана рынок мамилелеринин башка катышуучуларынын укуктары сыяктуу экономикалык категориялар ойношот. Бул шарттарда жер ресурстарын натыйжалуу пайдаланууну жогорулатуу маселелери мамлекеттин саясатынын олуттуу звеносу болуп саналат.

Чындыгында, айыл чарбасынын экономикалык натыйжалуулугу көп тараптан жер ресурстарын рационалдуу пайдалануудан көз каранды экендиги талашсыз, анткени агрардык реформалоо биринчи кезекте жер мамилелери тутумунун өзгөрүүсүн билдирет, булар болсо өз кезегинде жерге болгон менчик формасынын өзгөрүүсү менен аныкталат. Кыргыз Республикасынын агрардык секторундагы жер мамилелерин тескөөнүн уюштуруучулук-экономикалык маселелерин изилдөө жер менчигин башкарууну туура уюштуруу, натыйжалуураак керектөөчүгө өткөрүү жолдорун издөө жер реформасынын көптөгөн терс кесепеттерин оңдоого мүмкүнчүлүк берээрин көрсөттү, анткени айыл чарбасында көп ыгайлуу экономиканы түптөө агрардык сектордо пайда болушкан жаңы чарбалык ыңгайлар көп тараптан өзүнүн өндүрүшүнүн көрсөткүчтөрүндө артыкчылыктарга ээ болбогону менен негизинен жалаң эле терс жактуу тенденциялардын жыйналуусуна жана ошол эле учурда алардын санынын өсүүсүнө алып келди.

Чарба жүргүзүүнүн жаңы шарттарындагы жер мамилелерин башкаруунун теориялык жана методологиялык маселелери башкаруунун рыноктук ыкмаларына жана уюштуруу-экономикалык механизмдердин заманбап мазмунуна ылайык, ошондой эле изилдөөнүн инновациялык, технологиялык, социалдык-экономикалык жана уюштуруучулук аспекттерин чагылдыруу менен кайра түшүндүрүүгө муктаж. Ошону менен бирге административдик-территориялык бөлүштүрүүгө карата колдонулуучу жер мамилелерин башкаруу тутумун окуп-үйрөнүүнүн зарылчылыгы, ошондой эле жер мамилелеринин аймактык өзгөчөлүктөрү ушул изилдөөнүн темасынын тандалуусун аныктады.

Айыл чарбасындагы жер мамилелерин өнүктүрүү көйгөйлөрүнө көптөгөн экономист окумуштуулардын, атап айтканда окумуштуулар Т.К. Койчуевдин, П.К. Купуевдин, Ш.М. Мусакожоевдин, К.Ш. Токтомаматовдун, А.А. Мамасыдыковдун, Г.М. Матурдиевдин, А.О.

Орозбаеванын, Д.С. Джаиловдун, Ж.Ж. Жумабаевдин, К.Ж. Джумабаевдин, Т.Ч. Култаевдин, А.З. Зулпукаровдун, А.А. Арзыбаевдин, Э.У. Кулованын, Р.А. Узенбаевдин жана башкалардын, ошондой эле россиялык окумуштуулар И.Н. Буздаловдун, В.Р. Беленькийдин, А.А. Варламовдун, С.Н. Волковдун, А.М.Джумановдун, А.М. Емельяновдун, Н.В. Комовдун, Н.И. Красникованын, Э.Н. Крылатыхтын, О.Б. Леппкенин, С.С. Липскинин, В.В. Милосердовдун, Э.И. Павлованын, А.В. Петриковдун, А.Э. Сагайдактын, Е.С. Строевдин, В.Я. Узундун, В.Н. Хлыстундун, И.П. Шаляпинанын, Г.И. Шмелевдин ж.б. эмгектери арналган. Бул окумуштуулардын эмгектеринде жер реформасын жүргүзүү маселелери тарыхый аспектте да, азыркы учурдун шарттарында да каралган, ошондой эле башкалар менен катар ижара принциптеринин негизинде жерди пайдалануунун натыйжалуулугун баалоо, жер рыногун жана натыйжалуу жер керектөөчүнү калыптандыруу көйгөйлөрү, эсепке алууну уюштуруу маселелери кошо изилденген. Ошого карабастан жер мамилелерин калыптандыруунун, айыл чарба багытындагы жерлерди рационалдуу жана натыйжалуу пайдалануунун көптөгөн маселелери андан аркы окуп-үйрөнүүнү жана экономикалык негиздөөнү талап кылат. Айыл чарба өндүрүшүндөгү жер ресурстарын башкаруу көйгөйлөрү, аларды натыйжалуу жер керектөөчүлөр боюнча рационалдуу бөлүштүрүү, жер рыногунун, ипотеканын иштеши, жердин ижарасын өнүктүрүү жана ижара акысын аныктоо жер мамилелеринин теориялык жоболорун кошумча окуп-үйрөнүүнү жана практикалык маселелерин чечүүнү талап кылат.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар, илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүп жаткан негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациянын негизги жоболору жана жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжалары Кыргыз Республикасынын айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2013-жылдын 21-январындагы № 11-Указы менен бекитилген “Кыргыз Республикасын 2013-2017-жылдар аралыгында туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы” Мамлекеттик программасы тарабынан иштелип чыгылган сунуштарды жана усулдарды практикалык ишке киргизүүгө негизделген.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык изилдөөнүн максаты болуп жер мамилелерин тескөөнүн негизги багыттарын аныктоо жана Кыргыз Республикасынын Түштүк аймагынын агрардык секторундагы жер ресурстарын натыйжалуу пайдалануунун уюштуруучулук-экономикалык аспекттерин өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу саналат. Максатка жетүү үчүн төмөнкү маселелер коюлган:

- экономикалык категория жана азыркы шарттардагы рационалдуу жер иштетүүнүн объекти катары болгон жер мамилелеринин маңызын жана маанисин, ошондой эле жер мамилелери рыногун өнүктүрүүнүн заманбап ыкмаларын окуп-үйрөнүү;
- Кыргыз Республикасынын Түштүк аймагындагы жер ресурстарын башкаруунун уюштуруучулук-экономикалык аспекттерин изилдөө;

- Кыргыз Республикасынын Түштүк аймагындагы жер ресурстарын жер мамилелерин башкаруу тутумун өркүндөтүү максатында пайдалануунун натыйжалуулугунун абалын жана өнүгүүсүн талдоону жүргүзүү;
- уюштуруучулук-экономикалык механизмдин каражаттары боюнча жер мамилелерин башкаруунун заманбап ыкмаларын иштеп табуу;
- жер керектөөчүнүн ишмердүүлүгүнө мамлекеттик таасир берүү механизмин жакшыртуунун багыттарын сунуштоо;
- жер мамилелерин жакшыртуунун фактору катары болгон айыл чарба ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын оптималдаштыруунун жолдорун жана божомолдорун иштеп чыгуу.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

1) экономикалык категория жана азыркы шарттардагы рационалдуу жер иштетүүнүн объекти катары болгон жер мамилелеринин маңызы жана мааниси, ошондой эле жер мамилелери рыногун өнүктүрүүнүн заманбап ыкмалары ачылып көрсөтүлдү;
2) Кыргыз Республикасынын Түштүк аймагындагы жер ресурстарын жер мамилелерин башкаруу ыкмаларын өркүндөтүү максаты үчүн башкаруунун уюштуруучулук-экономикалык аспекттери изилденди;
3) Кыргыз Республикасынын Түштүк аймагындагы жер ресурстарын жер мамилелерин башкаруу тутумун өркүндөтүү максатында пайдалануунун натыйжалуулугунун абалына жана өнүгүүсүнө талдоо жүргүзүлдү;
4) уюштуруучулук-экономикалык механизмдин каражаттары боюнча жер мамилелерин башкаруунун заманбап ыкмаларын иштелип, табылды;
5) жер керектөөчүнүн ишмердүүлүгүнө мамлекеттик таасир берүү механизмин жакшыртуунун негизги багыттары сунушталды;
6) жер мамилелерин жакшыртуунун фактору катары болгон айыл чарба ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын оптималдаштыруунун жолдору иштелип чыгылды жана келечектеги божомолдору түзүлдү.

**Диссертациянын практикалык маанилүүлүгү.** Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары сунуш катары колдонулуп, жергиликтүү мамлекеттик органдардын аракеттерин Кыргыз Республикасынын Түштүк аймагынын агрардык секторундагы жер мамилелерин тескөө жаатында аныкталган көйгөйлөрдү чечүүгө багытталуусуна мүмкүнчүлүк берди.

**Изилдөөнүн алынган натыйжаларынын экономикалык маанилүүлүгү.** Диссертациянын материалдары агрардык сектор үчүн укуктук-ченемдик актыларды жана мамлекеттик программаларды иштеп чыгууда колдонулуусу жана Түштүк аймагы гана эмес, бүтүндөй республиканын агрардык секторунун ишканаларына киргизилүүсү мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого алып чыгылып жаткан негизги жоболору.** Аймактын экономикасынын агрардык секторундагы жер мамилелерин тескөөнүн уюштуруучулук-экономикалык аспекттерин илимий, теориялык жана практикалык талдоонун негизинде түрдүү куралдарды, анын ичинде тутумдук ыктоону жана экономика-математикалык ыкмаларды

колдонуу менен изилдөөнүн илимий жаңылыгын көрсөтүшкөн тыянактар жана сунуштар жаратылды. Коргоого изилдөөнүн автор тарабынан түптөлгөн, илимий жаңылык болушкан жоболору алынып чыгылды.

**Автордун жеке салымы** мурунку окумуштуулардын эмгектерин окуп-үйрөнүүнүн негизинде, статистикалык материалдардын кеңири алкагына, өздүк байкоолорго таянуу жана логикалык талдоо, салыштыруу, жалпылоо, экономикалык эсептөө ыкмаларын колдонуу менен Кыргызстандын Түштүк аймагынын экономикасынын агрардык секторундагы жер мамилелеринин уюштуруучулук-экономикалык аспекттерин өркүндөтүү боюнча сунуштарды түптөгөндүгүндө турат.

**Изилдөөнүн натыйжаларын иштетип көрүү жана ишке ашыруу.** Изилдөөнүн негизги жоболору жана натыйжалары эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда доклад кылынды.

**Басылмалар**. Изилдөөнүн негизги натыйжалары жалпы көлөмү 5.6 басма табак болгон 17 басылмаларда жарык көрдү. Алардын ичинен 1 макала Skopus базасына кирген журналда, 4 макала РИНЦ ке кирген жана Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан сунушталган журналдарда басылды.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүмү.** Диссертациялык жумуш киришүүдөн, үч баптан, тыянактардан жана сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын 108 булагын камтыган тизмесинен турат. Өз ичине 18 таблицаны, 16 сүрөттү камтыйт.

## Иштин негизги мазмуну.

**“Жер мамилелерин натыйжалуу өнүктүрүүнүн илимий жана теориялык негиздери”** деп аталган биринчи бапта экономикалык категория катары жана рынок мамилелеринин иштешинин азыркы учурдагы шарттарында рационалдуу жер иштетүүнүн объекти болгон жер мамилелеринин мазмуну жана маңызы; чарба жүргүзүүнүн жаңы шарттарындагы жер мамилелери рыногунун иштөөсүнүн жана өнүгүүсүнүн экономикалык мазмуну; жер мамилелери тутумундагы жер ресурстарын пайдалануунун уюштуруучулук аспекттери каралды.

Жер пайдалануунун мазмуну жөнүндө айтып жатып жер ресурстарын башкаруунун ролун көз жаздымда калтырбоо керек. Жердин менчик ээси түздөн-түз башкаоуучу болуп саналбайт, себеби жер ээси менен башкаруучунун функциялары окшош эмес. Менчик ээси – бул бардык же кандайдыр бир жер участкаларынын тигил же бул анык жакка тиешелүүлүгүн мүнөздөөчү юридикалык түшүнүк, ал эми башкаруу – жерди пайдалануу аркылуу анык бир экономикалык натыйжаларга жетишүү үчүн жер иштетүү жараянына таасир этүү маанисинен караганда көбүрөөк түрдө экономикалык түшүнүк.

Жер мамилелери көп тараптан башкаруучулук жараян менен, тактап айтканда, ишке ашырылуучу башкаруу жер мамилелерине канчалык

деңгээлде таасир эте тургандыгы менен байланышкандыгын айта кетүү керек. Жекече алганда жерге болгон жеке менчик орнолуусу менен башкаруу жараянынын багыты өзгөрүлөт.

Рыноктун иштөөсүнүн шарттарында жер пайдалануунун экономикалык мазмуну рыноктун түрдүү деңгээлдеринин татаал өз ара аракеттенүүсүнөн, мамлекеттик бюджетке болгон төлөмдөрдүн түзүмүнөн, ошондой эле түрдүү экономикалык амалдарды аткарууда курала турганын айта кетүү зарыл. Алгачкы жер рыногун калыптандыруу бир тараптан мамлекет менен экинчи тараптан физикалык жана мамлекеттик эмес юридикалык жактардын арасындагы жер участокторун мыйзам тарабынан орнотулган түрдүү максаттар үчүн жеке менчикке сатуу, ошондой эле жер пайдалануу укуктарын төлөмдүк негизде жана кайтарымсыз түрдө берүү боюнча амалдарды өз ичине камтыйт. Экономикалык көз караштан алганда жер рыногунун болуусу улуттук экономиканын бардык чөйрөлөрүн камтуучу рыноктук мамилелердин түптөлүүсүнүн шарты болуп саналат. Мындан сырткары экономиканы башкарууга болгон рыноктук ыктоо гана төмөнкүлөргө мүмкүндүк берээринен келип чыгуу керек:

- жер мамилелеринин ар бир катышуучусунун салымын объективдүү баалоого;
- эмгек менен кошо бардык ресурстарды натыйжалуураак жана рационалдуурак пайдаланууну камсыз кылуучу атаандаштык рынокторду түзүүгө;
- дүйнөлүк айыл чарба рыногуна тыгыз интеграциялануууга;
- айыл чарбасында алектенишкен жумушчулардын тажрыйбасын жана жөндөмдүүлүктөрүн толугу менен пайдаланууга;
- атаандаштыкты өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүгө жана аны өндүрүш фактору катары болгон жер ресурстарын натыйжалуу колдонуу механизмин түзүүгө;
- өлкөнүн өзүн-өзү камсыз кылуусуна жетишээрлик азык-түлүктү өндүрүүгө жана экспорт үчүн андан ашыкчасына ээ болууга.

Айыл чарба маанисиндеги жерлердин жүгүртүүсүнүн болуусунун негизги маселеси мындай жерлердин бир айыл чарба өндүрүүчүсүнөн экинчисине өтүүсү экономикалык жактан акталуусу жана натыйжалуу болуусунда, б.а., мындай жүгүртүү жерлерди рационалдуу пайдаланууну жана аны коргоону камсыз кылууга жөндөмдүү болгон натыйжалуураак чарба жүргүзүүчү субъекттин пайдасына ишке ашырылуусу керектигинде турат. Экономиканын учурдагы абалынын шарттарында жер жүгүртүүсүн жандандырууга төмөнкү иш-чаралар жардам берүүсү мүмкүн: мамлекеттин жигердүү катышуусу менен жер боюнча ипотекалык банктардын тармагын калыптандыруу, жер ресурстарын кадастрдык жана рыноктук баалоону жүргүзүү, жер менчигине болгон укукту иыйзамдуу коргоонун тутумун түзүү, мамлекеттик жер кадастрынын жана кыймылсыз мүлккө болгон укуктарды каттоонун бирдиктүү тутумун калыптандыруу, калктын каражаттарын депозиттер боюнча пайыздардын нормасынын өсүү механизми

аркылуу тартуунун эсебинен насыялык ресурстарды түзүү жана мунун негизинде насыялык ресурстарды инвестициялардын негизги булагына айландыруу.

Анын үстүнө учурдагы кадастрда компьютердик технологияларды колдонуунун негизинде ар бир жер участогунун физикалык мүнөздөмөлөрү катталууда, бул аларды мейкиндикте бир маанилүү бөлүп көрсөтүүгө, өлчөмдөрүн жана жайгашкан жерин аныктоого мүмкүнчүлүк берип жатат. Ошондой эле мында бул участоктордун сапаттык мүнөздөмөлөрү жана нарктык баасы (жердин баасы) көрсөтүлөт. Жер участоктору жөнүндөгү маалыматтар анын кадастрдык (идентификациялык) номери, жайгашкан орду, чек аралары, тексттин баяндоосу чагылдырылган жер-кадастрдык карталарда катталышат.

Биздин оюбузча, ушулар менен кошо теориялык планда жердин жеке менчик ээлеринин жана көп сандаган дыйкан жана фермердик чарбалардын кызыкчылыктарын мамлекеттик жер ресурстарын натыйжалуу пайдалануунун кызыкчылыктары менен байланыштыруу зарыл. Бул нерсе мамлекет менен жеке менчик ээлеринин кызыкчылыктары бир аянтчада жолугушкан жана алар мамлекет үчүн да, жеке менчик ээси үчүн да түшүнүктүү болгон жол менен ишке ашырылган учурда гана болуусу мүмкүн. Бирок, тилекке каршы, азырынча жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары менен дыйкан-фермердик чарбалардын кызыкчылыктары бир далай деңгээлде бири-биринен алыстап жатат, бул болсо адекваттуу жер мамилелерин курууга мүмкүнчүлүк бербей келет.

**“Жер ресурстарын натыйжалуу пайдалануунун уюштуруучулук-экономикалык механизмин талдоо”** деп аталган экинчи бап рационалдуу мамилелердин дүйнөлүк тажрыйбасын жана алардын Кыргызстандын шарттарында колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн талдоого; жерди иштетүүнүн натыйжалуулугун баалоого; Токтогул районунун мисалында жер мамилелеринин тутумун чекиттик-жагдайлык талдоого арналган.

Жер мамилелерин жакшыртууда чет өлкөлөрдүн тажрыйбасын изилдөө жана аны Кыргызстандын шарттарына адаптациялоо олуттуу мааниге ээ. Бул багытта Россия Федерациясынын улуттук жер ээлик кылууга чет өлкөлүк жер изденүүчүлөрдүн кирип алуусунан коргоочу мамлекеттик актылардын так аткарылышы жөнүндөгү тажрыйбасы өзүнө көңүлдү бурат. Ошол эле учурда аларда өздөрүнүн жарандары үчүн да жерди ижарага алуу бир катар шарттар менен шартталган. Банктар менен мамлекет начар пайдаланылган жана ташталган жер участокторун сатып алып, күрөөгө алышып, аларды сатып алууга каражаты бар тараптарга гана эмес, өзүнүн натыйжалуу агрардык өндүрүш жүргүзө ала турган жөндөмдүүлүгүн далилдешкен жактарга да сатышат, ижарага беришет. Мамлекет жерге болгон ээликтин оптималдуу түзүмүн калыптандыруу максатында жер менен болгон чайкоочулукту болтурбоого, адамдардын айыл чарба ишмердүүлүгүнөн, жерден кетүүсүнө жол бербөөгө аракеттенүү менен, бирок рынок механизмдерин алмаштырбастан, алар үчүн максатка ылайыктуу жерлерде

кеңири мүмкүнчүлүк калтыруу менен жер мамилелерин катаал көзөмөлдөйт жана тескейт.

Биз үчүн Кытай эл республикасынын тажрыйбасы өзгөчө кызыкчылыкты жаратат. Акыркы жылдарда Кытайда жер пайдалануу укугун ижара катары берүүнүн масштабы кескин өстү. Кытайдын агрардык реформасынын маанилүү өзгөчөлүгү болуп жерге болгон менчик укугун аны пайдалануу укугунан ажыратуу саналат. Кытайда жерди иштетүүнүн укугу сатылат, б.а. ижара иштетилет, ал аркылуу жерлер рыноктук механизмге кошулат. Ижаранын негизиндеги акы төлөнүүчү жер иштетүү аларда чарба жүргүзгөндөрдүн толук эркиндигин жана өз алдынчалуулугун камсыз кылат. Реформанын өнүгүүсүнө жараша ижара ижарачынын жер ээси жана менчик ээси катары болгон функцияларынын катышын ийкемдүү түрдө өзгөртөт. Ижаранын жардамында экономикалык мамилелерди эволюциялык кайра түзүү ишке ашырылат. Ижара өз алдынчалуулукка ээ болушкан рыноктук кожоюндарды калыптандырат жана алардын атаандаштыгы, чарба жүргүзүүнүн түрдүү формаларынын экономикалык теңдиги үчүн шарттарды түзөт, ишкердик ишмердүүлүктү активдештирет.

Чет өлкө тажрыйбасын колдонуу биринчи кезекте жер иштетүүнүн экономикалык потенциалын ишке ашыруу менен байланышкан. Республикабыздын айыл чарба жерлеринин жалпы аянты (2017-жылдын 1-январына карата) 10 481,0 миң гектарды же республиканын жалпы аянтынын 52%ын түзөт. Мунун ичинде айдоо жерлер 1 203,6 миң гектарды же айыл чарба жерлеринин 11,5%ын, жайыттар 9 033,1 миң гектарды же айыл чарба жерлеринин эалпы аянтынын 86,2%ын ээлейт. Көп жылдык эгиндер 36,9 миң гектарды ээлешип, 0,35% дан бир аз ашыкча көрсөткүчкө ээ.

Жер ресурстарын пайдалануунун мүнөздөмөсү көп тараптан жер аянттарын айдоолордун түрдүү түрлөрүнө бөлүштүрүү менен аныкталат (1-таблица).

**Таблица 1. Кыргыз Республикасынын жер фондунун айыл чарба жерлери боюнча 2017-жылдын 1-январына карата бөлүштүрүлүүсү.**

| № | Айыл чарба жерлеринин аталышы | Аянты, миң га | Жалпы аянттан % менен |
|---|---|---|---|
| 1 | Айдоо жерлери | 1203,6 | 11,5 |
| 2 | Көп жылдык эгиндер | 36,9 | 0,4 |
| 3 | Кысыр аңыз | 37,8 | 0,4 |
| 4 | Чөп орок жерлер | 169,6 | 1,6 |
| 5 | Жайыттар | 9033,1 | 86,2 |
| | Жыйынтыгы: | 10481 | 100 |

**Булагы: Автор тарабынан Улуттук статистика комитетинин маалыматтарынын негизинде түзүлдү.**

Айдоо жерлеринин жалпы аянтынын (1 280,0 миң га) 861,1 миң гектары (67,3%) фермердик чарбалардын менчигинде, 340,7 миң гектары (26,6%) коллективдүү мамлекеттик жана кооперативдердин колдонуусунда жана 64,2

миң га жер (5,0%) там арка жерлери катары жарандардын өздүк пайдалануусунда турат (2-сүрөт).

Жерди бөлүштүрүүнүн куралып калган бул тутумунда (312,8 миң фермерге 861,1 миң га жер) бир фермердик чарбага 2,7 га жер туура келет. Бул Кыргызстандагы жер мамилелеринде классикалык түрдөгү натуралдык өндүрүш куралгандыгын билдирип турат. Эң начары – мамлекет бул жараянга тиешеси бар адамдардын компетенттүү эместигинен жердин экинчилик рыногун түзүүнүн жана өнүктүрүүнүн жана өлкөнүн айыл чарбасында жогору пайдалуу товар өндүрүүнү түзүү максатында фермерлердин катмарын – товар өндүрүүчүлөрдүкалыптандыруунун ордуна Германиянын фермердик ассоциацияларынын маңызын түшүнбөстөн туруп, бул мамлекеттин “кооперативдеринин” уюштурулуусунун тажрыйбасына аргумент, новация, панацея катары шилтеме жасап, фермерлерди кооперативдерге механикалык жана баарын бириктирүүнү көздөп жатат, бул болсо нонсенс болуп калууда.

Жер ресурстарын натыйжалуураак пайдалануунун резервдерин төмөнкү багыттар боюнча бөлүштүрүүгө болот:

1. Айыл чарба жерлеринин сапатын аларды терең (мелиорациялык иштер) же үстүртөн жакшыртуу жолу менен жогорулатуу;
2. Анык бир ишкананын шарттарында натыйжалуураак болушкан айыл чарба өсүмдүктөрүн, алардын сортторун өстүрүү;
3. Интенсивдүү технологияларды колдонуу.

Талдоо көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасында, өзгөчө республиканын түштүгүндө экстенсивдүү өнүгүүгө, б.а. жүгүртүүгө жаңы жер аянттарын киргизүүнүн эсебинен өнүгүүгө деги эле шарт жок, мындай нерсе которуштуруп айдоонун мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтмек. Талдоонун негизинде ошондой эле экстенсивдүү өнүгүүнүн, ошондой эле чарба жүргүзүүчү субъекттерди бириктирүү мүмкүнчүлүгүнүн чектелүү экендигин шарттарында жер мамилелерин жакшыртуунун өзгөчө прогрессивдүү жолу болуп бир тараптан жер иштетүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн пайдалуу болгон, экинчи тараптан жер ээлерин канааттандырган долбоорлорду иштеп чыгуу саналат. Биздин изилдөөбүз жер иштетүүнүн бузулуусуна, бүтүндөй алганда жер иштетүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуунун фактору болсо да, бирок терең ойлонулбаган жерге жайгаштыруу, ирригациялык, инфраструктуралык ж.б. иш-чараларды жүргүзүү таасирин тийгизе тургандыгын көрсөттү.

**Таблица 2. Кыргыз Республикасынын Түштүк аймагы боюнча (Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча биргелештирилген) 01.01.2017-жылга карата жалпы жер аянты жана айыл чарба жерлеринин жер пайдалануучулар боюнча бөлүштүрүлүүсү (гектар менен).**

| Көрсөткүчтөр | Жалпы жер аянты | Бардык айыл чарба | Айдоо жерлер | Чөп чабынд | Жайытт ар |
|---|---|---|---|---|---|

| | | жерлери | | ы | |
|---|---|---|---|---|---|
| Жердин баары | 272490,2 | 222485,9 | 2345,0 | 5022,6 | 188758,9 |
| Мамлекеттик айыл чарба ишканаларынын жерлери | 1638,3 | 1479,3 | 177,3 | 17,5 | 1243,9 |
| Акционердик коомдордун жерлери | 390,2 | 319,0 | 212,5 | 2,7 | 53,7 |
| Дыйкан (фермердик) чарбалардын жерлери | 43756,0 | 42840,8 | 8448,3 | 1130,2 | 31294,9 |
| Айыл чарба кооперативдеринин жерлери | 4715,3 | 4354,6 | 441,9 | 131,5 | 3686,0 |
| Жеке чарбачылык менен алектенишкен жарандардын жерлери | 36271,6 | 34219,5 | 13265,1 | 500,9 | 19292,6 |
| Башка мамлекеттик эмес айыл чарба ишка-наларынын жерлери | 2500,6 | 2257,9 | 159,6 | 86,0 | 1946,6 |
| Токой фондунун жерлери | 23279,3 | 9096,3 | 87,0 | 260,2 | 8738,1 |
| Өздөштүрүлбөгөн, бирок пайдаланууга жарактуу жерлер | 114827,0 | 97571,1 | 586,6 | 2325,9 | 92997,6 |

**(Автор тарабынан областтардын статистика башкармалыктарынын маалыматтарынын негизинде түзүлдү).**

Жер ресурстарын натыйжалуу пайдалануу сапатында биринчи кезекте жер ресурстарын чарбалык ишмердүүлүктүн жана менчик формаларынын түрлөрү боюнча бөлүштүрүүнү эсептөө керек, себеби дал ушул менчик ээси ээлик кылуунун гана эмес, чарбалык ишмердүүлүктүн түрлөрүн да башкарат. Муну Кыргыз Республикасынын түштүк аймагынын областтарынын мисалында карап көрөлү (2-таблица).

Таблицадагы маалыматтардан көрүнүп тургандай, жер ресурстарынын эң чоң үлүшү дыйкан жана фермердик чарбаларга, андан кийин жеке чарба менен алектенишкен жарандарга туура келет. Жер мамилелерин талдоодо

чарба жүргүзүүчү субъекттердин райондук масштабда жана областтардын административдик-аймактык бөлүмдөрү боюнча бөлүштүрүлүүсү олуттуу мааниге ээ. Себеби, эсепке алуу жана эсеп берүү аймактарда жүргүзүлөт, андагы башкаруу аймактык экономиканы башкаруунун салыштырмалуу жаңы формасы болуп саналган өзүн-өзү башкаруунун жергиликтүү органдарына жүктөлгөн. Айтылгандарды Ош областынын райондорунун мисалында карап көрөлү (3-таблица).

**Таблица 3. Ош областында катталган дыйкан (фермердик) чарбалардын саны, даана.**

| Шаар, район | 1996-ж. | 2000-ж. | 2005-ж. | 2016-ж. | 2016-жылда жылдарга карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1996-ж., % менен | 2005-ж., % менен |
| **Область боюнча, баары** | **8381** | **17743** | **60770** | **66835** | **798,0** | 110,0 |
| Кара-Суу | 1340 | 2339 | 9723 | 10992 | 821,0 | 113,0 |
| Өзгөн | 2198 | 4790 | 16408 | 18148 | 826,0 | 111,0 |
| Кара-Кулжа | 921 | 1952 | 6684 | 7183 | 780,0 | 108,0 |
| Ноокат | 1492 | 3193 | 11088 | 12212 | 819,0 | 111,0 |
| Араван | 1341 | 2663 | 9279 | 10374 | 774,0 | 112,0 |
| Алай | 838 | 1774 | 6077 | 6317 | 754,0 | 104,0 |
| Чоң Алай | 251 | 532 | 1511 | 1649 | 657,0 | 110,0 |

**(Автор тарабынан Ош областтык статистика башкармалыгынын маалыматтарынын негизинде түзүлдү).**

Областта жалпысы 224 миң гектар айыл чарба жерлери бар, анын ичинен 191 миң гектары айдоо жерлер. Дыйкан (фермердик) чарбаларга бекитилип берилген жерлердин аянты 220 миң гектарга көбөйдү. Бирок бир катар райондордо жер үлүшүнүн орточо өлчөмүнүн төмөндөө тенденциясы байкалууда. Белгилүү ченде жер иштетүүнүн натыйжалары айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү менен мүнөздөлөт (4-таблица).

Жерди майдалап бөлүү рыноктун шарттарында товардык продукцияны өндүрүүнүн жана чарбалардын жашап кетүү мүмкүнчүлүктөрүн төмөндөтүүдө. 75%дан ашуун дыйкан (фермердик) чарбалар 10 гектарга чейинки, 21%ы 50 гектарга чейинки айыл чарба жерлерине ээ. Ушуга окшош көрүнүш фермерлердин жайыттарынын саны боюнча да байкалат: фермерлердин 87%ы 10 гектарга чейинки жаа болгону 2% гана фермерлер 50 дөн 1000 гектарга чейинки жайыт жерлерине ээ.

4-таблицада областтын дыйкан (фермердик) чарбаларынын негизги айыл чарба өсүмдүктөрүн эгүү аянттарынын көрсөткүчтөрү берилген. Областтагы дыйкан (фермердик) чарбалардын негизги салмагы (жалпы сандын 79%ы) талаачылык менен алектенишет. 2015-жылда фермерлер тарабынан баары

болуп 170,1 миң гектар жер (област боюнча жалпы эгин аянттарынын 72,4%ы) эгилген, анын ичинде дан эгиндери 97,1 миң гектарга (67%) эгилди.

**Таблица 4. Дыйкан (фермердик) чарбалардагы негизги айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү, ц/га.**

| Айыл чарба өсүмдүктөрү | 1996-ж. | 2000-ж. | 2005-ж. | 2016-ж. | 2016-жылда жылдарга карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1996-ж., % менен | 2005-ж., % менен |
| Дан эгиндери, баары | 22,2 | 29,3 | 29,2 | 29,7 | 134,6 | 102,0 |
| Анын ичинен: | | | | | | |
| Буудай | 20,7 | 23,6 | 24,6 | 24,2 | 117,0 | 99,0 |
| Арпа | 10,7 | 14,1 | 12,4 | 14,2 | 133,0 | 115,0 |
| Жүгөрү | 42,1 | 64,6 | 61,8 | 62,0 | 148,0 | 101,0 |
| Күрүч | 20,4 | 27,3 | 28,3 | 29,9 | 147,0 | 106,0 |
| Буурчак дандуу эгиндер | - | - | 10,5 | 10,7 | - | 102,0 |
| Техникалык өсүмдүктөр | | | | | | |
| Пахта | 21,1 | 27,1 | 26,6 | 28,3 | 135,0 | 107,0 |
| Күн карама (даны) | 7,4 | 10,9 | 11,6 | 11,4 | 154,0 | 99,0 |
| Картофель | 105 | 135 | 151 | 153 | 146,0 | 102,0 |
| Жашылчалар | 120 | 165 | 161 | 16О | 134,0 | 100,0 |
| Бакча эгиндери | 113 | 161 | 164 | 170 | 151,0 | 104,0 |
| Мөмө-жемиштер | 50,1 | 48,9 | 52,5 | 53,3 | 102,0 | 102,0 |
| Жүзүм | 55,3 | 79,8 | 70,4 | 77,2 | 140,0 | 110,0 |

**(Автор тарабынан Ош областтык статистика башкармалыгынын маалыматтарынын негизинде түзүлдү).**

Акыркы жылдар аралыгында дыйкандар дан эгиндеринин, картофельдин, жашылчалардын, мөмө-жемиштердин жана жүзүмдүн түшүмдүүлүгүн бир далай көтөрүүгө жетишишти. Ошол эле учурда пахта боюнча талаалардын натыйжалуулугун дагы эле көтөрүүгө мүмкүн болбой жатат, бул негизинен үрөндүк материалдын анча жогору эмес сапатынан жана бир катар райондордо сугат суунун жетишсиздигинин айынан болууда.

Биздин көз карашыбыз боюнча жер ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугун талдоону анык бир жерлердеги жер иштетүү жараянынын талдоосу менен толуктоо зарыл, муну чекиттик талдоо деп атоого болот. Бул нерсе адамдардын ооруларынын диагнозун чекиттик талдоонун (кандын анализи ж.б.) негизинде аныктоого жана медициналык кароо кезинде себептерин табууга мүмкүн болгонго окшош. Мындай окшоштукту жер мамилелерин талдоого карата да жүргүзүүгө болот.

Жогоруда айтылгандарга төмөнкүдөй себептерди келтирүүгө болот: биринчиден, административдик бөлүмдөрдүн алкагындагы жер участокторунун эч бири башка административдик-аймактык бөлүмдөгү башка участокко азырынча абсолюттук түрдө окшош эмес. Демек, жер участокторунун мүнөздөмөлөрүн тагыраак орнотуу талдоону ар бир жер участогу үчүн айрым жүргүзгөндө гана мүмкүн; экинчиден, жер ресурстарынын сапаттык мүнөздөмөлөрү убакыттык интервалдардын ичинде да өзгөрүүсү мүмкүн. Мисалы, бир эле жер участогунун түшүмдүүлүгү түрдүү иш-чараларды өткөрүүнүн натыйжасында жылдар өткөн сайын өзгөрүүсү мүмкүн. Ошондуктан биз Ноокен районундагы жер мамилелерин чекиттик ситуациялык талдоону жүргүзүүнү, жер ресурстарын колдонуунун так абалын изилдөөнү туура көрдүк. Бул нерсе талдоонун практикасын байытып, илимий жана аналитикалык тыянактарды кандайдыр бир деңгээлде жалпылоо үчүн ситуациялык маалыматтарды пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берет деп эсептейбиз.

Жалал-Абад областынын Ноокен районунун айыл чарбасынын абалын талдоо тармактын артта калуусун жоюу максатында башталган агрардык реформа бир маанилүү эмес натыйжаларга алып келгенин көрсөттү. 2016-жылда райондогу айыл чарба продукциясын өндүрүү чыныгы аракеттеги баалар боюнча 76,1 млн. сомду түздү.

**Таблица 5. Ноокен районунун бардык категориядагы чарбаларындагы айыл чарба продукциясынын көлөмүнүн динамикасы (миң сом)**

| Көрсөткүчтөр | 2012-ж. | 2013-ж. | 2014-ж. | 2015-ж. | 2016-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарба продукциясы | | | | | |
| Чыныгы бааларда | 16476,6 | 32958,5 | 65697,7 | 64265,9 | 76110,7 |
| Өсүүнүн чынжырлуу темптери | 109,5 | 100,3 | 89,6 | 86,3 | 126,3 |
| Талаачылык продукциясы | | | | | |
| Чыныгы бааларда | 8538,4 | 19586,5 | 41863,8 | 38538,6 | 50508,9 |
| Өсүүнүн чынжырлуу темптери | 119,8 | 98,9 | 82,3 | 76,1 | 145,0 |
| Мал чарба продукциясы | | | | | |
| Чыныгы бааларда | 7938,2 | 13372,0 | 23833,9 | 25727,3 | 25601,8 |
| Өсүүнүн чынжырлуу темптери | 98,9 | 103,5 | 108,1 | 104,1 | 98,2 |

**(Булагы: автор тарабынан Ноокен районунун маалыматтары боюнча даярдалды).**

2016-жылда өсүү темпи салышырылуучу баалар менен алганда 126,3%ды түздү. Айыл чарба өндүрүшүнүн 2012-жылдан берки өсүүсү негизинен талаачылык продукциясынын көбөйүүсүнүн эсебинен камсыз болду. 2012-2016-жылдардагы бардык айыл чарба продукциясынын

өсүүсүнүн орточо жылдык темпи 4,9%ды, талаачылык продукциялары боюнча 6,9%ды, мал чарба продукциялары боюнча 0,9%ды түздү. Айыл чарба продукциясын өндүрүүнүн түзүмүндө 2016-жылы 66%ы талаачылык продукциясына, ал эми 34%ы мал чарбачылыгы продукциясына туура келген.

Талдоо көрсөткөндөй, райондогу калктын өздүк чарбаларында негизги айыл чарба өсүмдүктөрүнүн көп бөлүгү өндүрүлгөндүгүнө карабастан, бул өндүрүштүн товардуулугунун төмөндүгүнөн алар райондун азык-түлүк рыногунун толуусуна чечүүчү таасир көрсөтүшпөйт. Айыл жерлериндеги калктын өздүк чарбаларын тандалма изилдөөнүн маалыматтары боюнча калк тарабынан талаачылыктын өндүрүлгөн продукцияларынын ондон бир бөлүгү сатылат, б.а. өндүрүш негизинен натуралдык мүнөзгө ээ. Мал чарба продукциясынын товардуулугу бир далай жогору. 2016-жылда сатылган сүттүн үлүшү жалпы өндүрүштүн 30% ын, жумурткaныкы – 11% ды, мал жаныбарларынын жана канаттуулардын үлүшү 50% га жакынын түздү. Ошондуктан калк тарабынан өндүрүлгөн эт жана сүт рафондун азык-түлүк фондун маанилүү түрдө калыптандырышат.

**“Аймактагы жер мамилелерин натыйжалуу тескөөнүн уюштуруучулук-экономикалык аспекттерин өркүндөтүү”** деп аталган үчүнчү бапта жер мамилелерин уюштуруучулук-экономикалык механизмдин каражаттары боюнча тескөөнү тутумдаштыруу жолдору; жерди пайдалануу ишмердүүлүгүнө мамлекеттик таасир берүү механизмин жакшыртуунун векторлору; жер мамилелерин жакшыртуунун фактору катары болгон айыл чарба ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын оптималдаштыруу жана божомолдоо каралган. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, бул маселенин маанилүү бөлүгүн чечүү аймактык деңгээлдерге өткөрүлүп берилген, бул болсо курчап турган чөйрөнү сактоого да, жерди иштетүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга да эч кандай өбөлгө түзбөйт. Айыл чарба ишканалары тарабынан жер ресурстарын пайдалануунун натыйжалуулугун ийгиликтүү тескөө үчүн мамлекетке укуктук тескөөнү ишке ашырууга жардам беришкен мыйзамдык актылар, анын ичинде салыктык коюмдар да узак мөөнөттү мүнөздө болуусу, ал эми мындай тескөөнүн ыкмалары узак мөөнөткө аракеттене ала тургандай болуусу өтө маанилүү экендигин белгилөөгө болот.

Жер мамилелерин түзүүнүн жана айыл чарба ишмердүүлүгүн жүргүзүүнүн жүрүшүндө жер мамилелеринин тиешелүү шарттарында айыл чарба өндүрүшүн оптималдаштыруу маселеси пайда болот. Бул учурда оптималдаштыруу дегенде жер иштетүү жараянына тартылган материалдык, жердик ж.б. ресурстардын белгиленген чектелген көлөмдөрүндө эң чоң рыноктук натыйжаларына жетишүүнү түшүнүү керек. Оптималдаштыруу жараянынын катышуучуларынын бири болуп жер рыногунун уюштуруучулук-экономикалык иш-чараларын түзүү жана алардын талдоосу саналат. Диссертацияда жер мамилелерин жакшыртуунун фактору катары болгон айыл чарба ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын оптималдаштыруунун жолдорун издеп табуу боюнча изилдөө жүргүзүлүп, Ош областынын материалдарына таянуу менен келечектеги божомолдор түзүлдү.

Социалдык-экономикалык өнүгүүнүн көбүрөөк жалпылоочу көрсөткүчтөрүнүн катарына ички дүң продукт (ИДП) кирет. Ички дүң продукт – бул удуттук эсептер тутумунун маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири, ал экономикалык бирдиктердин – резиденттердин өндүрүштүк ишмердүүлүгүнүн жыйынтык натыйжасын мүнөздөйт жана бул бирдиктер тарабынан акыркы керектөөчү үчүн өндүрүлгөн товарлардын жана кызматтардын наркын ченейт.

Айыл чарбасынын талаачылыгына карата ИДП төмөнкү үч жол менен эсептелинет:

1) талаачылык продукциясын өндүрүү боюнча – талаачылыктын бардык тармактарынын шарттуу-таза продукциясынын суммасы катары;
2) бөлүштүрүү боюнча – мамлекеттик жана жеке керектөөнүн суммасы катары;
3) кирешелер боюнча – жалданма жумушчулардын эмгек акыларынын, пайданын, renталык кирешелердин, амортизациялык чегерүүлөрдүн жана кыйыр салыктардын бардык түрлөрүнүн суммасы катары.

Дүң продуктту эсептөөнүн үч ыкмасынын баары акыр аягы бир эле натыйжаны берүүсү керек. ИДП негизги жана рыноктук бааларда (улуттук ИДП) жана салыштырмалуу бааларда (чыныгы ИДП) эсептелинет.

ИДП ны эсептөөнүн ыкмасынан соң ресурстук камсыздоолордун берилген көлөмдөрүндө максималдуу натыйжаларды алуу көз карашынан алгандагы продукция чыгарууну оптималдаштыруу маселеси турат. Мааниси боюнча сөз чектүү ресурстук камсыздоо учурундагы эң чоң натыйжаларды алуу жөнүндө болуп жатат. Ушул жол менен биз жер иштетүүнүн ар бир участоктогунда ИДП ны максималдаштырууну ресурстардын чектүүлүгүнүн шарттарында эсептеп чыга алабыз.

Талаачылык өсүмдүктөрүнүн божомолдук эсептерин аныктагандан соң, диссертацияда талаачылык өсүмдүктөрүнүн продукцияларын дүң өндүрүүнүн көлөмүнүн божомолдук көрсөткүчтөрү аныкталды: $y_{э(2017)} = 10749{,}58462$ (миң сом), $y_{э(2018)} = 11605{,}94775$ (миң сом), $y_{э(2019)} = 12625{,}09955$ (миң сом), $y_{э(2020)} = 13639{,}81826$ (миң сом).

Мындан көрүнүп тургандай, 2020-жылы 2017-жылга салыштырмалуу ИДП көлөмү 2,08 эсеге, ал эми 2018-жылга салыштырмалуу 1,14 эсеге көбөйөт.

Диссертацияда жер мамилелерин жакшыртуунун фактору катары болгон айыл чарба ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын оптималдаштыруу боюнча изилдөөлөр да жүргүзүлгөн жана бүтүндөй Кыргыз Республикасы боюнча келечектүү божомолдор түзүлгөн.

**6-таблица – Кыргызстандын экономикасынын агрардык секторунун көрсөткүчтөрү (млн.сом)**

| | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 |
|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарбасы (y) | 163516,0 | 167897,9 | 191188,9 | 192242,7 | 192620,4 |
| Талаачылык ($x_1$) | 80349,3 | 86221,7 | 98165,1 | 97532,2 | 97803,3 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Мал чарбасы $(x_2)$ | 83166,7 | 81676,2 | 93023,8 | 94710,5 | 94817,1 |

Мындан, айыл чарба продукциясын дүң өндүрүү эки өндүрүштүк факторлордон: талаачылык продукцияларын дүң өндүрүүнүн көлөмүнөн $(x_1)$ жана мал чарба продукциясын дүң өндурүүнүн көлөмүнөн$(x_2)$ сызыктуу көз каранды экендиги көрүнүп турат:

$$y = a_0 + a_1x_1 + a_2x_2 \qquad (1)$$

$y, x_1, x_2$ өзгөрүлмөлөрүнүн маанилери 6-таблицадагы маалыматтарга ылайык аныкталат, ал эми изделүүчү мүнөздөмөлөр болуп $a_0, a_1, a_2$ өзгөрүлмөлөрү саналышат, алар эң кичине квадраттар ыкмасы менен эсептелинет:

$$\begin{cases} na_0 + a_1\sum x_1 + a_2\sum x_2 = \sum y \\ a_0\sum x_i + a_1\sum x_1^2 + a_2\sum x_1x_2 = \sum x_1y \\ a_0\sum x_2 + a_1\sum x_1x_2 + a_2\sum x_2^2 = \sum x_2y \end{cases} \qquad (2)$$

$\sum \mathrm{y}$, $\sum \mathrm{x}_1, \sum \mathrm{x}_2, \sum \mathrm{x}_1\mathrm{y}, \sum \mathrm{x}_2\mathrm{y}, \sum \mathrm{x}_1^2, \sum \mathrm{x}_2^2, \sum \mathrm{x}_1\mathrm{x}_2$ маанилери 6-таблицанын негизинде эсептелип чыгылат, биздин учурда $\mathrm{n} = 5$. Бул суммаларды эсептеп чыккандан жана ар бир теңдемени 5 ке бөлгөндөн соң (2)-система төмөнкү түргө келет:

$$\begin{cases} a_0 + 92414{,}2a_1 + 89478{,}9a_2 = 181493{,}2 \\ 92414{,}2a_0 + 8599432296a_1 + 8311312974{,}0a_2 = 16871288516{,}8 \\ 89478a_0 + 8311312974{,}0a_1 + 8040298052{,}9a_2 = 16313715308{,}0 \end{cases} \qquad (3)$$

Бул системанын аныктагычы $\mathrm{D} = 2.17212\mathrm{E} + 14 \neq 0$, андыктан система чечимге ээ.

Бул системаны Гаусстун же Крамердин ыкмасы менен же компьютердин жардамында чечүү аркылуу $\mathrm{a}_0 = 5598.936713$; $\mathrm{a}_1 = 1.021121659$; $\mathrm{a}_2 = 0.911143728$ экендигин аныктайбыз. Анда изделип жаткан трenddик теңдеме төмөнкү көрүнушкө келет:

$$\hat{\mathrm{y}}_\mathrm{p} = 5598.936713 + 1.021121659\mathrm{x}_1 + 0.911143728\mathrm{x}_2 \qquad (4)$$

Айыл чарбасынын республика боюнча продукциясынын дүң чыгарылышынын эсептик жана божомолдук маанилерин аныктоо үчүн бул маанилерди талаачылык менен мал чарба продукцияларын дүң чыгарууга карата аныктообуз зарыл (7-таблица).

**7-таблица. Республика боюнча айыл чарба продукциясын дүң чыгаруунун көлөмүнүн божомолдук маанилери (млн. сом).**

| **Жылдар** | **Айыл чарба продукциясын дүң чыгаруунун көлөмү (божомолдук)** | **Ишеним аралыктары** | |
|---|---|---|---|
| | | **Жогорку чеги** | **Төмөнкү чеги** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2017** | **202384,4879** | **201241,7156** | **198527,2599** |
| **2018** | **207723,7942** | **212709,1653** | **202738,4232** |
| **2019** | **212789,1462** | **217896,1857** | **207682,2067** |
| **2020** | **217647,552** | **222871,0932** | **212965,552** |
| **2021** | **222342,7** | **227678,9248** | **217006,4752** |

Айыл чарбасындагы мындай жогорулоо негизинен талаачылык өсүмдүктөрүн өнүктүрүүгө чындап таасир берүүчү жагдай катары болушкан инновациялардын негизги төрт багытынын: селекциялык-генетикалык, өндүрүштүк-технологиялык, уюштуруучулук-башкаруучулу, экономикалык-социоэкологиялык багыттарынын негизинде ишке ашырылат.

Талдоо көрсөткөндөй, азыркы күндөгү бар болгон ыкмалардын эч бири 15-20 жылга жеткиликтүү так болгон божомолдоону бере албайт. Божомолдоодо колдонулуучу экстраполяция ыкмасы катачылыктар жыйналып олтуруп, жалпы катанын өзү өсүп кеткендигинен узак мөөнөттүү божомолдоонун так натыйжасын бербейт.

## Тыянактар жана сунуштар

Жер мамилелеринин уюштуруучулук-экономикалык механизминин теориялык-методологиялык жана практикалык аспекттеринизилдөөнүн натыйжаларынын, алардын учурдагы абалын талдоонун, ошондой эле жер мамилелерин өркүндөтүү боюнча иштелип чыгылган сунуштардын негизинде төмөнкүдөй тыянактарды жана сунуштарды берүүгө болот:

1. Жер мамилелеринин маңызы көп тараптан менчик формалары менен аныкталат. Жер менчиги экономикалык-укуктук категория болуп саналаары аныкталды, себеби ал жерге ээ болуу, колдонуу жана буюруу маселелери боюнча экономикалык да, укуктук да мамилелерди камтыйт. Экономикалык категория катары жер менчиги эки жактуу мүнөзгө ээ, ал бир тараптан жерди менчиктин жана колдонуунун объекти катары аныктаса, экинчи тараптан жерге ээлик кылуу, колдонуу жана буюруу жараянында пайда болуучу жана бул менчикти пайдалануудан алынган кирешелерди жана продукттарды өздөштүрүү аркылуу ишке ашуучу экономикалык мамилелердин жана кызыкчылыктардын тутуму катары аныктайт, мындан сырткары анда айыл чарбасындагы кайра өндүрүү жараянынын өзгөчөлүктөрү чагылдырылат.

2. Жер ресурстарын ээ болуунун жана пайдалануунун экономикалык мазмуну айыл чарбасындагы жерди рационалдуу колдонууга жөндөмдүү болгон натыйжалуу менчик ээсин жана керектөөчүнү калыптандырууда турат. Бул жараяндар рынок мамилелеринин шарттарында өтүп жаткандыктан, жер ресурстарын пайдалануунун экономикалык механизминин мазмуну жердин ар бир бирдигинен көбүрөөк пайда алууга, ошондой эле жер иштетүүнүн өзүн өзгөрүп жаткан рынок шарттарына адаптацияланууусуна келтирилет.

3. Чарба жүргүзүүнүн рынок механизми менен байланышкан жаңы шарттарына өтүү дыйкан жана фермердик чарбалар түрүндөгү чарба жүргүзүүнүн жаңы уюштуруучулук формаларын түзүүгө карата ири

масштабдагы уюштуруучулук иш-чараларды кабыл алууну, айыл чарба продукцияларын керектөөчүлөр менен жаңы мамилелерди куруну, рынокту маркетингдик иш-чаралардын жардамында үйрөнүүнү ж.б. талап кылды. Өз кезегинде бул нерсе айыл чарба ишмердүүлүгүнүн уюштуруучулук түзүүчүлөрүн тутумдаштырууну талап калды. Бул көрүнүш бир тараптан инновация болгон болсо, экинчи тараптан экономиканын агрардык секторунда чарбалык ишмердүүлүктү жүргүзүүнүн теориясын жана практикасын байытуу боюнча сунуштарды иштеп чыгууга негиз болду.

4. Жер ресурстарын чарба жүргүзүүнүн түрдүү уюштуруучулук-укуктук түзүмдөрүндөгү айыл чарба товар өндүрүүчүлөрү тарабынан пайдалануунун натыйжалуулугун комплексттик тутумдук талдоонун жүрүшүндө төмөнкүлөр аныкталды:

- айыл чарба товар өндүрүүчүлөрүнүн бардык категориялары боюнча жер керектөөнүн бир ишканага эсептелгендеги өзгөрүүсү болуп өттү;

- айыл чарба жерлеринин сапаттык абалынын начарлоосунун туруктуу тенденциясы пайда болду, бул көрүнүш жерге салынып жаткан жер семирткичтердин өлчөмүнүн азаюусуна жана колдонулуп жаткан уу химикаттарынын жана гербициддердин өлчөмүнүн көбөйүп жаткандыгына байланыштуу болду;

- сугат жерлердин олуттуу кыскаруусу болуп өттү;

- ишканалардын айыл чарба жерлеринин бирдигине эсептегендеги айыл чарба машиналары жана куралдары менен камсыз болуусунун олуттуу кыскаруусу байкалууда;

- айыл чарба жерлеринин бирдигине карата айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн өскөндүгүнө карабастан, жерди пайдалануунун натыйжалуулугу өтө жай өсүп жатат.

5. Жаратылыш жана жер ресурстарынын тиешелүүлүгүнүн жалпы элдик мүнөзүнө байланыштуу мамлекеттин жер ресурстарын пайдаланууну жерге болгон менчиктин түрдүү формаларынын тең укуктуулугун сактоо менен тескөөсүндөгү өзгөчө ролу белгиленди. Бул учурдагы жер рыногунун өнүгүүсү жана жер үлүштөрүнүн жүгүртүүсү мыйзамдык чектөөлөрменен гана болуусу мүмкүн. Ага ылайык жер сатуу-сатып алуу, мураска берүү ж.у.с. аркылуу кийинчерээк айылда жашабаган жана айыл чарбасына тиешеси жок жактардын менчигине өтүп калбоосу жана ушуга байланыштуу айыл чарба өндүрүшүнөн чыгып калбоосу, ошондой эле жердин айрым жарандардын колунда чектен артыкча топтолуп калбоосу керек. Жерди пайдалануу жана аны жүгүртүүгө салуу режими мамлекет тарабынан так тескелүүсү жана сөз жер үлүшү же там арка жери, бак же дачалык участка жөнүндө экендигинен көз каранды түрдө айырмалануусу керек. Ошондуктан, биздин көз карашыбызда, жер ресурстарын пайдалануу маселелерин тутумдаштырууну жүргүзүү зарыл.

6. Мамлекеттик жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын жер иштетүү ишмердүүлүгүнө болгон таасирин жакшыртуунун жолдору сунушталды. Алар автор тарабынан төмөнкү айтуулар түрүндө калыптандырылды:

а) жерлер пайдаланылбаган же максаттуу эмес пайдаланылган учурларда аларды натыйжалуу эмес менчик ээлеринен тартып алып коюу;

б) жерди натыйжалуу эмес пайдаланууда жер салыгынын койдумдарын жогорулатуу багытында дифференцирлөө;

в) айыл чарба ишканаларына керексиз жер үлүштөрүнүн фондун аларды андан ары жумушчулардын арасында кайра бөлүштүрүү менен топтоштурууга жардам көрсөтүү;

г) айыл чарба жерлерин пайдалануунун ижаралык формаларына дем берүү.

Жерлерди кайра бөлүштүрүүнүн өзгөчө кеңири таралган формасы болуп ижара саналат, ал чарба жүргүзүүдөгү менчиктин түрдүү формалары үчүн жер пайдалануунун экономикалык шарттарын тегиздейт; ишкердик ишмердүүлүктү активдештирүү менен жер пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууну камсыз кылат; жөнөкөйүрөөк жол менен жана салыштырмалуу кыска мөөнөттө негизги өндүрүштүк ресурстардын (жер, жерди натыйжалуу чарба жүргүзүү үчүн зарыл болгон чектерде топтоштуруу) арасындагы катышты оптималдаштырууга мүмкүнчүлүк берет; жер жүгүртүүнүн методологиялык негизи болуп калуусу мүмкүн, анын жардамында кийинчерээк жерди кайра бөлүштүрүүнүн рыноктук механизмдерин иштеп чыгууга жана калыптандырууга болот ж.б.

7. Биздин оюбузча, айыл чарба ишмердүүлүгүндө жер иштетүү жараяндарын оптималдаштыруунун жана анын айыл чарба продукцияларынын рынокко чыгуусу же өндүрүш факторлорун рационалдаштыруу ж.б. түрүндөгү натыйжаларын божомолдоонун зарылдыгы тутумдук түрдө пайда болуп турат. Иште мындай учурлар жер мамилелерин жакшыртуунун фактору катары каралган жана бул багыттагы эсептөөлөр экономикалык-математикалык ыкмаларды пайдалануунун жардамында анык мисалдар менен бышыкталган.

**Диссертациянын темасы боюнча басмадан чыккан басылмалардын тизмеси:**

1. Тууганбаева У.Т. Анализ и оценка состояния субъектов аграрного сектора экономики Кыргызской Республики. [Текст]. / У.Т. Тууганбаева // Известия вузов Кыргызстана, №4 (19) 2016г.

2. Тууганбаева У.Т. Проблемы управления экономической эффективностью использования лесных ресурсов Кыргызской Республики. [Текст]. / У.Т. Тууганбаева // Известия вузов Кыргызстана. №4 (19)2016г.

3. Тууганбаева У.Т. Анализ и оценка экономического состояния Кыргызстана за годы независимости. [Текст]. / У.Т. Тууганбаева // Международная научно-практическая Интернет-конференция «Проблемы современной экономики и образования», 6-7 февраля 2014 г., Алматы.

4. Тууганбаева У.Т. Основные показатели развития аграрного сектора экономики Кыргызской Республики в условиях Евразийского экономического союза. [Текст]. / У.Т. Тууганбаева // Международная научно-практическая Интернет-конференция «Проблемы современной экономики и образования», 6-7 февраля 2014 г., Алматы.

5. Тууганбаева У.Т. Экономическая сущность бюджетирования на предприятииПроблемы управления экономической эффективностью использования лесных ресурсов Кыргызской Республики. [Текст]. / У.Т. Тууганбаева и др. // Журнал "Известия" Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии "3-ые Исраиловские чтения", №4(7) 2014 г., с. 80-84.

6. Тууганбаева У.Т. Экономико-экологическое состояние лесных ресурсов Кыргызской Республики. [Текст]. / У.Т. Тууганбаева // Международная Научно-практическая конференция «Наука сегодня. Ключевые проблемы и перспективы развития». Санкт-Петербург, 19-20 декабря, 2015г. 197стр.

7. Тууганбаева У.Т. Развитие организационно-экономических аспектов хозяйствования при многообразии форм собственности на землю в сельском хозяйстве. и др. // Научно-популярный периодический журнал Вестник Университета экономики и предпринимательства. Жалал-Абад, 2016 г. № 1. с. 3-10.

8. Тууганбаева У.Т. Государственная поддержка сельскохозяйственного производства в условиях рынка. [Текст]. / У.Т. Тууганбаева и др. // Научно-популярный периодический журнал Вестник Университета экономики и предпринимательства. Жалал-Абад, 2016 г. № 1. с. 11-16.

9. Тууганбаева У.Т. Современное состояние инновационного развития аграрного сектора экономики южного региона Кыргызской Республики. [Текст]. / У.Т. Тууганбаева и др. // Научно-популярный периодический журнал Вестник Университета экономики и предпринимательства. Жалал-Абад, 2016 г. № 1. с. 59-65.

10. Тууганбаева У.Т. Развитие национальной системы бухгалтерского учета в соответствии с международными стандартами финансовой отчетности. [Текст]. / У.Т. Тууганбаева и др. // Научно-популярный периодический журнал Вестник Университета экономики и предпринимательства. Жалал-Абад, 2016 г. № 2. с. 27-36.

11. Тууганбаева У.Т. Теоретические основы эффективного развития земельных отношений. [Текст]. / У.Т. Тууганбаева // Научно-популярный периодический журнал Вестник Университета экономики и предпринимательства. Жалал-Абад, 2016 г. № 2. с. 155-161.

12. Тууганбаева У.Т. Интеграция научного сообщества перед глобальными проблемами современности. [Текст]. / У.Т. Тууганбаева // II Международная научно-практическая конференция,7-9 марта 2017 года, г. Осака, Япония.

13. Тууганбаева У.Т. Assessment of capitals of business entities in the modern economy. [Текст]. / У.Т. Тууганбаева // International Journal of Development Research Vol. 07, Issue, 11, December, 2017. SJIF Scientific Journal Impact Factor - 4.753.

14.Тууганбаева У.Т. Повышение аналитических возможностей учета производственных затрат для целей рационального использования земельных угодий. [Текст]. / У.Т. Тууганбаева и др. // «Учет и контроль». 2018, № 2. с. 27-34.

15. Тууганбаева У.Т. Проблемы управления экономической эффективностью использования лесных ресурсов Кыргызской Республики. [Текст]. / У.Т. Тууганбаева и др. // Журнал "Известия" Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии "YI" Исраиловские чтения", №4(19) 2017 г., с. 54-57.

16. Тууганбаева У.Т. Оценка состояния субьектов аграрного сектора экономики Кыргызской Республики. . [Текст]. / У.Т. Тууганбаева и др. // Журнал "Известия" Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии "YI" Исраиловские чтения", №4(19) 2017 г., с. 57-62.

**Тууганбаева Улгелди Токтогуловнанын 08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн “Жер мамилелерин тескөөнүн уюштуруучулук-экономикалык аспекттери” деген темада даярдалган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ


**Ачкыч сөздөр**: айыл чарба, өндүрүштүн натыйжалуулугу, жер, рынок механизмдери, жер мамилелери, керектөөчүлөр жана буюмдар, бириктирүү, кайра иштетүү, соода, айыл чарбасын өнүктүрүү, өндүрүүчүлөр.

**Диссертациялык изилдөөнүн объекти**: айыл чарба сектору, айыл чарба секторунун жер ресурстарын натыйжалуу пайдалануу жана башкаруу аспекттери.

**Изилдөөнүн предмети:** Кыргыз Республикасынын түштүк аймагы боюнча айыл чарба секторунда жер ресурстарын натыйжалуу пайдаланууну өнүктүрүү аспекттери.

**Изилдөөнүн ыкмалары**: илимий иште изилдөөнүн ар түрдүү ыкмалары колдонулду: аналитикалык, эсептөө-математикалык, экономика- статистикалык, экономика-математикалык, тарыхый, салыштырма жана башкалар.

**Изилдөөнүн максаты**: Кыргыз Республикасынын түштүк аймагы боюнча айыл чарба секторунда жер ресурстарын натыйжалуу пайдаланууну уюштуруу-экономикалык аспектилерин жакшыртуу үчүн жер мамилелерин жөнгө салуу жана сунуштарды иштеп чыгуу боюнча негизги багыттарын аныктоо болуп саналат.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** рыноктук механизмдердин ишинин негизинде жер мамилелерин жөнгө салуу уюштуруу-экономикалык механизминин мазмуну жана өзгөчөлүктөрү; өлкөдө жер жана агрардык системаны жыйынтыгы боюнча жер пайдаланууда экономикалык механизминин жер мамилелерин жана олуттуу бөлүгүн компоненттери; жерди пайдалануу боюнча уюштуруу аспектилерин да өзүн-өзү маанисин эске алуу менен жана аны ишке ашырууну эске алуу менен, айыл-чарба иш-чараларды жүзөгө ашыруу; жер рыногун өнүктүрүү статусун жана башкаруунун ар кандай укуктук структуралар айыл-чарба өндүрүшүнүн натыйжалуулугун, жер менчик түрлөрүн эске алуу менен, ошондой эле берилген абалын жана багытын талдоо, улуттук жана аймактык денгээлде да; жер мамилелерин жана жер ресурстарын натыйжалуу колдонууну жакшыртуу боюнча жагдай, Кыргыз Республикасынын түштүк регионунун өсүмдүк жер мамилелерин өнүктүрүүнүн экономикалык натыйжалуулугун болжолдоо ийкемдүү жагдайды оптималдаштыруу жолу менен каралып жатат.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Кыргыз Республикасынын түштүк аймагында жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү аныкталган проблемаларды чечүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иликтөөнүн натыйжалары жетекчилик жана күч-аракетин топтоп багыт катары колдонулган.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Тууганбаева Уулгелди Токтогуловна на тему “Организационно-экономические аспекты регулирования земельных отношений” на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 – экономика и управление народным хозяйством**

**Ключевые слова:** сельское хозяйство, эффективность производства, земля, рыночные механизмы, земельные отношение, потребители и производители товара, интеграция, переработка и торговля, развитие сельского хозяйства.

**Объектом исследования является**: аграрный сектор, управление аспектов эффективного использования земельных ресурсов аграрного сектора экономики.

**Предметом исследования являются:** развитие аспектов эффективного использования земельных ресурсов в аграрном секторе Южного региона Кыргызской Республики.

**Методы исследования:** В диссертационной работе в ходе исследования применялись такие методы и приемы, как монографический, аналитический, расчетноконструктивный,экономикостатистический,экономикоматематический,историческ ий, сравнительный и др.

**Цели исследования:** является определение основных направлений регулирования земельных отношений и разработка рекомендаций по совершенствованию организационно-экономических аспектов эффективного использования земельных ресурсов в аграрном секторе Южного региона Кыргызской Республики.

**Научная новизна исследования:** исследованы содержание и особенности организационно-экономического механизма регулирования земельных отношений на базе функционирование рыночных механизмов; определены составляющие земельных отношений и содержательная часть экономического механизма процессе использования земельных ресурсов по результатом проведенных земельной и аграрной реформы в республике; учитывая самостоятельная значения организационных аспектов в использовании земельных ресурсов и проведении сельскохозяйственной деятельности с учетом внедрения инновации; проанализированы состояние и эффективность сельскохозяйственного производства в различных организационно-правовых структурах хозяйствования, с учетом форм собственности на землю, а также дана оценкаа состоянию и тенденциям развития земельного рынка, как на республиканском, так и на региональном уровнях; как фактор улучшения земельных отношений и повышения эффективности использования земельных ресурсов рассмотрена оптимизация путем адаптивно-сценарного прогнозирования экономическую эффективность развития земельных отношений в растениеводстве Южного региона Кыргызской Республике.

**Практическая значимость диссертации.** Результаты диссертационного исследования применялись в качестве рекомендаций и позволили ориентировать усилия местных государственных органов на решение выявленных проблем в области регулирования земельных отношений в Южном регионе Кыргызской Республики.

# SUMMARY

**thesis Tuunganbaeva Uugeldi Toktogulovna on the topic "Organizational and economic aspects of regulation of land relations" for the degree of candidate of economic sciences in specialty 08.00.05 - economics and management of the national economy**

**Key words:** agriculture, production efficiency, land, market mechanisms, land relations, consumers and producers of goods, integration, processing and trade, development of agriculture.

**The object of the study is:** the agrarian sector, management aspects of the effective use of land resources of the agricultural sector of the economy.

**The subject of the study are:** development of aspects of effective use of land resources in the agricultural sector of the Southern region of the Kyrgyz Republic.

**Methods of research:** In the dissertation work during the research, such methods and techniques as monographic, analytical, computationally constructive, economic, statistical, economic, historical, comparative, etc. were applied.

**The objectives of the study:** are to identify the main directions for regulating land relations and to develop recommendations for improving the organizational and economic aspects of the effective use of land resources in the agricultural sector of the Southern Region of the Kyrgyz Republic.

**Scientific novelty of the research:** the content and features of the organizational and economic mechanism of regulation of land relations are investigated on the basis of the functioning of market mechanisms; the components of land relations and the content part of the economic mechanism are defined for the process of using land resources as a result of the land and agrarian reforms carried out in the republic; taking into account the independent values of organizational aspects in the use of land resources and the conduct of agricultural activities, taking into account the introduction of innovation; the state and efficiency of agricultural production in various organizational and legal structures of economic activity are analyzed, taking into account the forms of land ownership, as well as the state and trends of the land market development at both the national and regional levels; as a factor of improving land relations and increasing the efficiency of land resources use, optimization is considered by adaptive scenario development of the economic efficiency of the development of land relations in the plant growing of the Southern Region of the Kyrgyz Republic.

**Practical significance of the dissertation.** The results of the dissertation research were used as recommendations and allowed to orient efforts of local state bodies to solve the identified problems in the field of regulation of land relations in the Southern region of the Kyrgyz Republic.